# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 30-декабры № 178*

## 2022-2025-жылдарга карата Бишкек шаарында жашы жете электер арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө

Жашы жете электердин арасында укук бузууларды алдын алуу максатында, Бишкек шаарынын вице-мэри В.А.Мозгачеванын Бишкек шаарынын мэриясынын "2022-2025-жылдарга карата Бишкек шаарында жашы жете электер арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө" токтом долбооруна карата 2021-жылдын 28-декабрындагы № ВА10-10/1653 маалым катын эске алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44 жана 45-беренелерине, "Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, токтом кылам:

1. 2022-2025-жылдарга карата Бишкек шаарында жашы жете электер арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын администрациялык райондорунун башчылары, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгы белгиленген тартипте:

- белгиленген мөөнөттө Иш-чаралар планын талаптагыдай аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүшсүн;

- жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен, Бишкек шаарынын мэриясына Иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалымат берип турушсун.

3. Ушул токтомдун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик Бишкек шаарынын мэриясынын администрациялык райондорунун башчыларына, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жана Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын начальнигине жүктөлсүн.

4. Төмөндөгүлөр белгиленсин:

- Иш-чаралар планын ишке ашыруу тиешелүү жылдарга тийиштүү бөлүмдөрдүн бюджеттеринде каралган финансылык каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат;

- Иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттерди жалпы координациялоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын социалдык бөлүмүнө жүктөлөт.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын социалдык бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2021-жылдын 30-декабрындагы
№ 178 токтомуна
тиркеме

## 2022-2025-жылдарга карата Бишкек шаарында жашы жете электер арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

| № | Иш-чаралардын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Күтүлүүчү жыйынтыктар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Координациялык кеңештин алкагында укук бузууларды алдын алуу боюнча жыйындарды өткөрүү | Жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары | Жашы жете электердин арасында укук бузууларды жасоо жаатындагы актуалдуу көйгөйлөрдү табуу жана аларды чечүүнүн жолдорун аныктоо |
| 2 | Жашы жете электердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерди талдоо жана мониторинг жүргүзүү | Квартал сайын | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, СӨБ, ИИББ, МБ, ДТжСБ | Жардам көрсөтүлгөн жашы жете электердин сандык маалыматы |
| 3 | Коомчулукту, жарандык сектордун жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүн тартуу менен жашы жете электердин арасында зыяндуу жана тыюу салынган заттарды колдонууну алдын алуу | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, ИИББ, СӨБ, БББ, МБ, ДТжСБ | Жашы жете электердин арасында иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү (класстык сааттар, семинарлар, тегерек столдор, видео роликтерди көрсөтүү) |
| 4 | Муниципалдык администрациялардын башчыларынын социалдык маселе боюнча орун басарларын, райондук СӨБдун, БББнын начальниктерин, ИИББдин жана МККБнын өкүлдөрүн курамына киргизүү менен селсаяктык жана кайырчылык менен алектенген көзөмөлсүз жана кароосуз калган жашы жете электерди аныктоо боюнча шаардык штаб түзүлсүн жана Иш-чаралар планы бекитилсин | 2022-жылдын январь айы | СӨБ, райондук СӨБ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, ИИББ, МККБ | Шаардык штаб түзүлүп, Иш-чаралар планына ылайык өз иш-аракетин жүзөгө ашырат |
| 5 | Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана калыбына келтирүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу, жашы жете электердин көзөмөлсүз, кароосуз калуусуна, укук бузуусуна жана коомго жат аракеттерди жасоосуна түрткү болгон себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу | Дайыма | ИИББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, СӨБ, МБ | Реабилитациялык иш-чаралардан өткөн балдардын саны |
| 6 | Селсаяктык жана кайырчылык менен алектенген көзөмөлсүз жана кароосуз калган жашы | Дайыма | ИИББ, Бишкек шаарынын мэриясынын | Балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жете электерди аныктоо, ошондой эле мыйзам менен чатагы бар жашы жете электерди социалдык адаптациялоону жана реабилитациялоону камсыздоо | | муниципалдык администрациялары, СӨБ | жүргүзүлгөн консультациялардын саны;<br>- окуусун кайра уланткан жашы жетпегендердин саны;<br>- жүргүзүлгөн рейддердин жана аныкталган жашы жете электердин саны |
| 7 | Деструктивдүү анын ичинде социалдык тармактардагы маалыматтар боюнча таасирге дуушар болгон балдарды аныктоо | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, СӨБ, ИИББ, МБ, ДТжСБ | Деструктивдүү таасирге дуушар болгон балдарга психологиялык жана башка жардам көрсөтүү |
| 8 | Жашы жете элек балдарды, анын ичинде эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүнүн балдарын багуу, окутуу, тарбиялоо, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ата-энелердин милдеттерин ата-энелери же аларды алмаштырган адамдар туура эмес аткарган үй-бүлөлөрдү аныктоо | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, СӨБ, ИИББ, БББ | Ата-энелик милдеттерди талаптагыдай аткаруу үчүн ата-энелердин жана аларды алмаштыруучу адамдардын жоопкерчилигин жогорулатуу |
| 9 | Тийиштүү адистерди тартуу менен, укук бузууларды, экстремизм жана терроризмди алдын алуу боюнча жашы жете электер жана ата-энелер коомчулугунун арасында агартуучулук лекцияларды жана аңгемелешүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүү | Дайыма | ИИББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, ИИББ, БББ | Окуучулардын кабардар болуу деңгээлин жогорулатуу |
| 10 | Жарды жашаган жана аз камсыз болгон үй-бүлөдө жашаган, ошондой эле ички иштер органдарында каттоодо турган өспүрүмдөргө жайкы каникул учурунда ден соолукту чыңдоочу эс алууларды уюштуруу жана өткөрүү | Жыл сайын | БББ, ИИББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, СӨБ | Жайкы каникул мезгилинде жашы жетпегендердин ден соолугун чыңдоо жана жумуш менен камсыздоо |
| 11 | Жашы жете электердин түнкү убакта оюн-зоок жайларында болушуна тыюу салуу, ошондой эле жашы жете электерге алкоголдук жана тамеки продукциясын сатууга жол бербөө жөнүндө мыйзам актыларынын талаптарынын | Квартал сайын | ИИББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, СӨБ, БББ | Жашы жете электердин түнкү оюн-зоок жайларында болушуна тыюу салуу жөнүндө мыйзам актыларын аткаруу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | аткарылышын көзөмөлдөө боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарын жана коомчулукту тартуу менен үзгүлтүксүз рейддерди өткөрүү | | | |
| 12 | Системалуу түрдө келбеген жана/же билим берүү уюмдарына барбаган окуучуларды эсепке алуу жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, СӨБ, ИИББ | Окуу сабактарына барбаган балдардын санын азайтуу |
| 13 | Жашы жете электерге окуудан бош убактысында бош убакытты уюштурууга көмөк көрсөтүү, ошондой эле жашы жете электерди адеп-ахлактык, эстетикалык жана дене тарбиялык тарбиялоо боюнча иштерди уюштуруу | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, МБ, ДТжСБ | Ийримдердин жана спорттук секциялардын санын көбөйтүү. Ийримдерге жана секцияларга катышкан балдардын санын көбөйтүү |
| 14 | Мектеп парламенттеринин, ыктыярчылык кыймылдардын, балдар-өспүрүмдөр уюмдарынын ишин активдештирүү жана өнүктүрүү.<br>"Жаш карек" шаардык долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү | Дайыма | БББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, СӨБ, ИИББ, МБ, ДТжСБ | Мектеп парламенттеринин иш-чараларынын санын көбөйтүү.<br>"Жаш карек" долбооруна тартылган жашы жете электердин санын көбөйтүү |
| 15 | Жашы жете электер арасында кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүү | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, МБ, ДТжСБ | Жашы жете электердин кесиптик өзүн өзү аныктоосуна багытталган иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу (окуу көргөзмөлөрүнө барууну жана ишканаларга экскурсияларды уюштуруу) |
| 16 | Жол кыймылынын эрежелеринин жана мектеп окуучуларынын коопсуздугунун маселелери боюнча практикалык, маалыматтык иш-чараларды өткөрүү | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, СӨБ, ИИББ, ДТжСБ, МККБ | Балдардын жана өспүрүмдөрдүн жолдордо коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруу |
| 17 | Жашы жете электерде жашоонун сергек мүнөзүнүн көндүмдөрүн калыптандыруу.<br>"Мектеп Лигасы", "Ата-энелер лигасы" шаардык | Дайыма | ДТжСБ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, | Спорттук иш-чаралардын санын, иш-чараларга катышкан жашы жете электердин жана алардын ата-энелеринин санын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | программаларды өнүктүрүү | | БББ, ИИББ, МБ | көбөйтүү |
| 18 | Жашы жете электер арасында зыяндуу көндүмдөр менен күрөшүү боюнча иш-чараларды өткөрүү | Дайыма | Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, БББ, ШССБ | СПИДге каршы күрөшүү, баңгиликке жана тыюу салынган зыяндуу заттарды колдонууга каршы күрөшүүнүн эл аралык күндөрүнө карата "Жаман адаттар менен күрөшүү күнү" акциясын өткөрүү |
| 19 | "Ишеним телефонунун" иштеши | Дайыма | ИИББ, БББ, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары | Жашы жете электерге психологиялык жана моралдык жардам көрсөтүү |
| 20 | Жашы жете электердин өз жанын кыюуга же ден соолугуна зыян келтирүүгө түрткөн интернет-контенттин жайылышын алдын алуу, ага каршы күрөшүү боюнча биргелешкен максаттуу багытталган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | Дайыма | ИИББ, БББ, СӨБ | Жашы жете электер арасында терс интернет-контенттин жайылышын болтурбоо боюнча видео, аудио материалдарды көрсөтүү жана жайылтуу, семинарларды, конференцияларды жана акцияларды өткөрүү |
| 21 | "Ачык эшик күнү" иш-чарасынын алкагында жаштардын жана окуучулардын билим берүү уюмдарына, ички иштер органдарынын бөлүмдөрүнө баруусун уюштуруу | Квартал сайын | ИИББ, БББ | Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иши менен окуучуларды тааныштыруу |

**Кыскартуулардын тизмеси:**

**БББ** - Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы
**СӨБ** - Бишкек шаарынын мэриясынын Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы
**ДТжСБ** - Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы
**МБ** - Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы
**ШССБ** - Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык саламаттык сактоо башкармалыгы
**ИИББ** - Бишкек шаарынын Ички иштер министрлигинин башкы башкармалыгы
**МККБ** - Бишкек шаарынын ички иштер башкы башкармалыгы боюнча Милициянын кайгуул кызматынын башкармалыгы

**Вице-мэр** **В.Мозгачева**